DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2019

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***

***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***HISTORICAL SCIENCES***

*Алымкулов А.Т.*

# АПРЕЛЬ ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН САБАКТАРЫН ОКУП ҮЙРӨНҮҮ (7-апрель 2010-жыл)

*Алымкулов А.Т.*

# ИЗУЧЕНИЕ УРОКОВ АПРЕЛЬСКОЙ НАРОДНОЙ РЕВОЛЮЦИИ (7-апреля 2010 год)

*A.T. Alymkulov*

# LEARNING LESSONS OF THE APRIL PEOPLE’S REVOLUTION (April 7, 2010)

*УДК: 323.27*

*Макалада Апрель Элдик революциясынын келип чыгуусу терең иликтенип, андагы окуялардын сабактарын окуп үйрөнүү маселелери каралат. Анткени, бул көтөрүлүштүн маани-маңызын аңдап билмейин жана сабак алмайын элдин тилеги орундалбай, революция өз максатына жетпей калат деген ойдобуз. Революциянын жүрүшүндө кыргыз эли чоң жоготууга учураган. Орду толгус жоготуунун негизинде жеке бийлик кулаганы менен элдин талабы, ошондой эле өлкөдөгү көйгөйлөр чечилбей келет. Элдик көтөрүлүштөгү максаттардын бири тамырын терең жайган авторитардык режимдин негизин түзгөн үй-бүлөлүк башкарууну жок кылуу болгон. Коомдогу жүрүп жаткан мыйзамсыз иштерди токтотуу, мамлекеттин байлыгын талап-тоноодон коргоо, жарандарыбыздын тең укуктуулугун сактоо, өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө түзүү жана башка ушул сыяктуу маселелерди тынчтык жолу менен чечүүгө болбой калып, жалпы эл революциялык жол менен өзгөртүү жолун тандаган. Ошентип, жалпы элдин бир максатта багыталган көтөрүлүшүнүн негизинде өлкөбүздүн демократиялык жолдо өнүгүшүн шарттаган.*

***Негизги сөздөр:*** *Апрель революциясы, демократия, окуялар, максат, себептери, сабактары, авторитардык режим.*

*В данной статье рассматриваются вопросы возникновения и причины Народной революции. Не изучив ее смысл и извлечение уроков, Народная революция не сможет достичь своей конечной цели. Ценой человеческих жертв и экономических потерь был свергнут авторитарно-клановый режим. Чтобы остановить беззаконие, разграбления богатств государства, сохранить равноправие граждан и драгие проблемы, решение этих проблем не было возможным мирным путем, народ решил достичь своих целей путем революции. Но многие проблемы остались не решенными: социальные вопросы, произвол и бездействие властей, не эффективное управление экономикой государства, недостаток идейного воспитания – все это порождает недовольство среди населения страны. Реалии сегодняшнего дня требуют глубоко анализа причин возникновения революционной ситуации, переосмысления ее уроков для дальнейшего демократического развития страны. Кыргызстан должен идти по эволюционному пути своего развития, сохраняя свою самобытную культуру и традиции.*

***Ключевые слова:*** *Апрельская революция, демократия, события, цели, причины, уроки, авторитарный режим.*

*On April 7, 2010, the People’s Revolution took place in the Kyrgyz Republic. Today, the emergence of a revolution is necessary and a lesson for the further development of the country is to shout. Without studying the meaning of this revolution and the lessons, the people's revolution could not achieve its goal. During the revolution, the Kyrgyz people suffered great losses. When there were irreparable losses, the people reached the end of an authoritarian-clan regime. But the main problems of citizens and the state still remained unsolvable. As a result, the Popular Revolution achieved only one goal, which was collapsed power. In order to stop the illegal actions of the authorities, to rob the wealth of the state, to preserve the equality of citizens, etc. Like these problems it was not possible to solve peacefully, then the people decided to achieve their goals by revolution. Thus, the Popular Revolution created a democratic way for the further development of our state to deeply analyze the causes.*

***Key words:*** *April revolution, democratic, developments, goals, the reasons, the lessons, authoritarian regime.*

Апрель Элдик революциясын Кыргызстандын эгемендүү жылдар тарыхындагы өзөктүү окуясы катары кийинки муундарга окутуп үйрөтүү, андан сабак алуу негизги милдеттерден. Мамлекетибиздин өнүгүшү үчүн өнүккөн өлкөлөрдүн басып өткөн тарыхый жолуна сересеп салып, алардын оң натыйжаларын эске алышыбыз керек. Дүйнөдө коомдун өнүгүшүнүн

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бир канча жолдору бар. Мисалы, эволюциялык, революциялык, реформалык деген сыяктуу. Алардын ичинен революция түшүнүгү коомду чукул өзгөрүүгө алып келип, өндүрүштүк зарылчылык, маданий өнүгүү, социалдык, илимий-техникалык жетишкендиктерге карата түрлөргө бөлүнүп кетет. Коомдогу саясаттын багытын өзгөртүү, экономиканы жөнгө салуу, руханий жактан жаңылануу, адам укуктарын коргоо бул-социалдык революцияга кирет.

Эгемендүүлүктү алган мезгилден тартып жыл сайын Президенттин Указы менен өлкөбүздү өнүктүрүү максатында ар кандай программалар бекитилип келет. Бирок, мындай бир жылдык программалардын негизинде коомдун өнүгүшүнө жеңил-желпи жетип калуу мүмкүн эмес. Ушундай толуп жаткан программаларды жыйынтыктап караганыбызда өлкөдө эч кандай өнүгүүнүн белгилери дээрлик байкалбайт. Тилекке каршы Элдик революция өз жемишин бере элек деп айтсак жаңылышпайбыз[1]. Буга далил катары төмөндөгүлөрдү белгилей кетсек: жарандардын кепилдиктери, адам укуктары, экономикалык өсүштүн жоктугу, соттордун адилетсиз чечимдери, табияттын талкаланышы, жумушсуздуктун күч алышы, тышкы миграциянын өсүшү мына ушуларды жөнгө сала албаган мамлекеттеги саясий түзүлүштү айтсак болот. Бүгүнкү күндө бул маселелердин чечилбей, кайрадан көбөйүшү мамлекетти туш тараптан кысып, карапайым калк кайрадан каатчылыкта күн кечирип жаткандыгы жашыруун деле эмес. Коомдогу болуп жаткан көйгөйлөрдү Асылбек кызы Гульмира өз эмгегинде мындайча билдирет: “Падение уровня жизни продолжилось, что привело к массовому оттоку кыргызских трудовых мигрантов в соседние Казакстан и Россию” [2]. Ошондуктан азыркы бийлик кризистен чыгуунун жолдорун ойлоп таап, өткөндөгү революциялардан сабак алып, жеке кызыкчылык эмес элдин мүдөөсүн орундатууга тийиш.

Мамлекетте экономикалык өсүш байкалмак турсун, дыйкандардын маңдай тери, мээнети акталбай, жарандардын суроо-талаптарына жооп бере албай калды. Бирок, мамлекет 2006-2010-жылдар боюнча өзүнүн өнүгүү стратегиясын кабыл алып жатканда абдан эле дымактары күчтүү болгон. Ал стратегия боюнча К.Исаевдин эмгегинде:“ Согласно стратегии предполагалось ВВП должен возрасти на 41%, а уровень бедности должен быть ниже 30%. Но реальная жизнь страны продемонстрировала, что намеченные планы были весьма утопичными” деп белгиленет [3]. Чындыгында мамлекеттик мекемелерде иштеген кызматкерлердин, мугалимдер менен дарыгерлердин айлык маянасын алып караганда жашоого мүмкүн болбогон абалга жетти. Социалдык маселелер чечилбестен, элдин жакырдануусу дагы эле күч алып, коомдо баягыдай эле социалдык ажырымдар өкүм сүрүүдө. Мамлекеттик ишканалардын көпчүлүгү өзүн-өзү актабай, чыгашага учурап, жабылууга аргасыз болуп жатат. Мындай банкрот абалына жеткен ишканалардын тагдыры жеке бир адамдын колуна өтүү менен аякташы мамлекетти экономикалык базадан ажыратып, башка мамлекеттерге көз каранды болуусуна шарт түзүлүүдө. Кыргызстанда бала төрөлгөндөн тартып, адам өлгөнгө чейинки жолу жалаң акча менен чиедей чырмалышкан. Азыркы күндө коррупция менен күрөшүү өзүнчө эле бир мамлекеттик ураан болуп калды. Мындай ураандын, ач кыйкырыктын кесепетинен өнүккөн өлкөлөр бизге болгон ишенимин эчак эле жоготушкан. Тилекке каршы өлкөнү өнүктүрө турган өкмөттүк программаларыбыз болбогондуктан, коомдогу тамыр алган жемкорлуктан арылуу мүмкүн эмес. Азыр деле байлык, бийлик үстөмдүк кылуу менен саясий система жашап келет. Бийликтин дагы да болсо коомчулуктун пикири менен эсептешпей, каршы келген саясатты жүргүзүп жаткандыгы байкалат. Коом менен бийликтин ортосунда келип чыккан курч конфликтен улам Кыргызстан эки жолу революцияны баштан кечирген. Болуп өткөн революциялар боюнча окумуштуу, тарыхчы С.У. Асекова өз эмгегинде төмөндөгүдөй белгилейт: “Бийлик эч качан элден жогору эместигин, кыргыздар тарыхында эч качан күчтүү жеке бийликке негизделген мамлекеттик башкарууга жол бербегендигин эки революция менен далилдеди” [4].

Бийлик менен элдин ортосунда түзүлгөн оор кырдаалдын негизги себеби, өлкөдөгү жаралган экономикалык каатчылык эмес, чуулгандуу саясаттын ролу болгон. Туура эмес саясаттын жүрүшүндө Кыргызстанда көмүскө экономика кеңири кучагын жайып, контрабандалык товарлардын көбөйүшүнө түрткү берген. Арам акчаларды адалдоо максатында ар кандай каржылык схемалар иштелип чыккан. Мындай көмүскө бизнести жогорку кызматтагылар, криминалдар башкарып, өлкөнүн саясий элитасы аталгандардын гана жеке чөнтөктөрүн толтурууга багытталган. Ал эми карапайым элдин жан үрөп иштеген эмгеги эч нерсеге арзыбай калды. Мындай коомдогу теңсиздиктин айынан мамлекеттеги массалык түрдө өзгөчө бир кедейлердин катмары түзүлдү. Бул катмарга албетте илим-билим берүү тармагы, маданият ишмерлери, саламаттыкты сактоо, инженердик-техникалык адистер, жогорку квалификациялуу жумушчулар кирет. Чындыгында ушул адистиктер өлкөнүнүн өсүшү үчүн өбөлгө боло тургандар. Бирок, мамлекеттин туура эмес жүргүзгөн саясатынын негизинде өлкө өнүккөндүн ордуна, кайрадан сазга батып бара жатат. Дагы да

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



болсо өткөндөгү революциялардан сабак албай, кайрадан эле элдин чыңалуусуна алып келе турган жолду бийлик өзү тандап алгандай.

Айыл-кыштактардын маселелери дээрлик чечилбей, мамлекет жаштар үчүн жумуш орундары, сапаттуу билим менен камсыз кыла албаган абалга кептелди. Ошондуктан ишке жарамдуу жарандардын шаарга агылып келиши менен жумушсуздук күч алып, аргасыздан ар кандай жаман иштерге аралашып, натыйжасында коомубузда кылмыштуулук күч алууда. Жумушсуздуктун кесепетинде көпчүлүк эл жакырчылыкка туш болуп, жакырчылык өз кезегинде кылмыштуулуктун, наркоманиянын өсүшүнө, диний жана экстремисттик топтордун пайда болушун шарттап келет. Б.И. Борубашовдун эмгегинде азыркы саясий система боюнча мындайча пикир айтылат: “Саясий система коомдогу өзүнүн негизги функциясын аткарбай жатат. Азыркы саясий система эл бийлиги принцибин жокко чыгарууда, мамлекеттик бийлик органдары тарабынан элдин эгемендүүлүгү бузулууда [5]. Чындыгында эки революцияны эске алып, анын сабактарын окуп үйрөнмөйүн баягы эле сазга баткан саясий системадан арылуу оңой эмес. Парламентаризмдин пай дубалын түптөй албай, өлкөнү өнүктүрүүдө эч кандай чечкиндүү кадамдар жок артка кетенчиктеп, аксагандан-аксап турабыз.

Авторитардык режимди кулаттык, үй-бүлөлүк башкарууну талкаладык дегенбиз менен иш жүзүндө бул система өз жемишин карапайым калкка эмес, кандайдыр бир жеке кызыкчылыктарга берип келет. Коррупцияны жок кылабыз дегенибиз менен Кыргызстан эң коррупциялашкан өлкөлөрдүн катарында тургандыгы жашыруун деле эмес. Коррупция гүлдөп өнүккөн өлкөлөрдө инвестициялардын тартылышы күмөн. Канчалаган өнөр жайларды ачуу үчүн чет элдик инвесторлор келишип, бирок бийлик тарабынан колдоо таппай, тескерисинче алардан акча үмүт кылышкандыктан коңшулаш мамлекеттерге кетип калышкан. Азырдагы Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан мамлекеттерине ири өлчөмдөгү инвестициялар келип жаткандыгы маалым. Ошондой эле өлкөбүздө чет элдик жарандар эмес, өз улутубуздун коопсуздугуна коркунуч бар. Коррупциянын көптөгөн мезгилдер бою калыптанып, тамырын тереңдетип жайышына түздөн-түз саясий система кеңири жол ачып берген. Окумуштуу Б.И. Борубашов өз эмгегинде саясий система боюнча мындайча ойду билдирет: “Бийликке келген саясий партиялар мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарын ич-ара бөлүшүп, шайлоодо партиялык тизмедеги орундарды акчалууларга сатышкан. Ошол себептен мамлекеттик башкаруу системасы жөндөмсүз абалга туш болуп, коомдогу көйгөйлөрдү чече албай жатат [6]. Чындыгында мындай саясий система иштеп турганда өлкөнүн өсүшү байкалмак түгүл, кайрадан социалдык көйгөйлөр күчөп, эл менен бийликтин ортосундагы конфиликтер улам күчөп жаткандыгы белгилүү. Ошондуктан, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө болуп жаткан маселелерди курчутпай, аларды болушунча жеринен чечип, конфиликтерди болтурбоо максатында алдын алуу иш-чараларын уюштуруп, чечкиндүү кадамдарга баруу зарыл. Мамлекетте демократиянын орношун, шайлоолордун таза өтүшүн, соттордун адилеттүү чечим чыгарышын жана алардын бийликтен көз карандысыз болушун камсыздаганда гана коом менен жарандарга конституция гарант боло алат [7].

Жыйынтыктап айтканда, Апрель Элдик революциясынын себептерин терең иликтеп, андан сабак алып, азыркы коомдогу болуп жаткан маселелерди чечүү абзел. Мамлекетти өнүктүрүүдө улуттук баалуулуктун жана демократиялык эрежелердин негизинде элди биримдикке чакырган улуттук-мамлекеттик идеологияны иштеп чыгуу эң башкы көйгөйлөрдүн бири. Идеологиянын максаты өлкөбүздүн ар тараптуу өнүгүшүнө багытталуусу керек. Ошону менен бирге коомду өнүктүрүү концепцияларын иштеп чыгып, мамлекеттин, элдин кызыкчылыгын көздөгөн социалдык реформаларды жүргүзүү азыркы мезгилдин талабы.

**Адабияттар:**


1. Алымкулов А.Т. Автордун талаа маалыматтары. - Б., 2017-ж.
2. Асылбек кызы Гульмира. Предпосылки возникновения и социально-экономические последствия Апрельской революции 2010 года в Кыргызстане. // Журнал Известия вузов Кыргызстана. - №4, 2013. - 235-б.
3. Исаев К. Причины и последствия народных революций в Кыргызстане 2005 и 2010 годов в условиях глобальной политики. // Журнал Наука и новые технологии. - №4, 2014. - 235-б.
4. Асекова С.У. Апрель Элдик революциясынын тарыхый мааниси. // И.Арабаев атындагы КМУнин Жарчысы. - 2014. - 134-б.
5. Борубашов Б.И. Кыргызстандагы социалдык революциялардын көйгөйлөрү. // И.Арабаев атындагы КМУнин Жарчысы. - 2014. - 134-б.
6. Борубашов Б.И. Кыргызстандагы социалдык революциялардын көйгөйлөрү. // И.Арабаев атындагы КМУнин Жарчысы. - 2014. - 54-б.
7. Алымкулов А.Т. Автордун талаа маалыматтары. - Б, 2018-ж.